КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
АК-СУУ РАЙОНУ

ТЕПКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
АК-СУЙСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТЕПКЕНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Тепке айылдык кеңешинин депутаттарынын 28-чакырылышынын кезексиз отуруму**

**ТОКТОМ**
**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**14.03.2023-жыл** **№4** **Тепке айылы**

**"Терра Компани" жоопкерчилиги чектелген коомуна жер тилкесин ижарага беруу жөнүндө**

Тепке айылдык Кенешинин 2023-жылдын 14-мартындагы протоколунун, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 4-беренесинин 3-бөлүмүнүн, 13-беренесинин 1-бөлүмүнүн, 25-беренесинин 2-бөлүмүнүн жана 27-беренесине, 32-беренесинин 4-бөлүмүнө жана Кыргыз Республикасынын Министирлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин директорунун 2022-жылдын 28-июлундагы №189 буйругунун 8-бөлүмүнүн 70-пунктуна таянып, Тепке айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Тепке айылынын түштүк-чыгыш тарабынын №154/54,9 контурунан базалык станцияны, антенна-фидердик түзүлүштөрдү жана телекоммуникациялык жабдууларды орнотуп, уюлдук байланышты жакшыртуу максатында 100 чарчы метр бөлүнүп берилген жер тилкеси 2023-жылдын 14-мартынан баштап 2028-жылдын 14-мартына чейин 5 (беш) жылдык мөөнөткө ижарага берилсин;
2. Аталган токтомдун негизинде Тепке айыл өкмөтү менен "Терра Компани" ЖЧКнун ортосунда типтүү ижара келишими түзүлсүн;
3. "Терра Компани" ЖЧКму 30-күндүн ичинде "Кадастр" мамлекеттик мекемесинин Каракол-Ак-Суу филиалынан кыймылсыз мүлккө укук берүүчү иш кагаздарын каттоодон өткөрүү жагы милдеттендирилсин;
4. Жер тилкесине ижара акысы 5 000 (беш мин) сом өлчөмүндө бекитилсин;
5. Ижара акысы бир тараптуу "Ижара берүүчү" тарабынан базар инфляциясына байланыштуу өзгөртүлүшү мүмкүн.
6. Аталган токтомдун аткарылышын көзөмөл кылуу жагын Тепке айыл өкмөтүнүн башчысы А. Айтбосуновго жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. Сатывалдиев**